
# Жалкоолук зериктирет



Автор: Алла Пятибратова

Сүрөтчү: Юлия Рыбалова

Которгон жана адаптациялаган: Сулайман Рысбаев

# Жалкоолук зериктирет

Автор: Алла Пятибратова
Сүрөтчү: Юлия Рыбалова
Которгон жана адаптациялаган: Сулайман Рысбаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2022

Copyright © 2022, : Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Жалкоолук зериктирет" (кыргыз тилинде), автору Алла Пятибратова, сүрөтчү Юлия Рыбалова, Сулайман Рысбаев тарабынан которулуп адаптацияланган.

*Скучно быть лентяем*, Copyright © 2021, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Тима диванда чалкалап жатты. Түшкү тамакты ашыкча ичип алып, кыймылдагысы да келген жок.


– Тур, таза аба жутуп кел, – деп апасы үчүнчү жолу айтты, – Сен таптакыр жалкоо болуп калдың.

– Балконго чыгып дем алам, – деп күбүрөндү Тима.

Ал көптөн бери балдар менен топ тээп чуркаганды да койгон, карындашы менен да кубалашып ойнобойт. Ал үчүн күч коротуп эмне кылат? Тамакты аш кылыш үчүн эле керек! Жата берсең, организм өз ишин аткара берет.

Тима Бася мышыгына суктана карап койду. Ага жыргал, мектепке барбайт, сабак окубайт, үй жыйнабайт. Тиш тазалаштын кереги жок!

– Сенин жашооң жыргал! Эх, экөөбүз орун алмашсак, жакшы болмок! Эмнеге күрүлдөп атасың? Сага тил үйрөнүштүн кереги жок!…





– Сен мышыктын тилин үйрөнбөйсүңбү, – деди Бася.


Тима дивандан кулап түшүп кете жаздады. Ал көздөрүн алаңдата мышыкты карап, өз кулагына ишенбей турду.


– Ойлойсуң го, мышыктар ичип, уктап, эч нерсе кылбайт, жалкоо деп? Сен ошентип көрчү! Мелдешелиби, тажап кетесиң. Жалкоолук – зериктирет! – деп Бася сөзүн улантты.

– Сенин акылың жок, Бася! Мен уктап, эс алып жатканды жакшы көрөм. Ушул да зериктиреби? – деп Тима кыйкырып жиберди.

– Макул, келиштик! Сабактарды жасайын, сен укта, тамак же.

Экөө орун алмашышты. Тима мышык болду, мышык Тима болду.





Тиманын жыргал жашоосу башталды. Ал кереликечке ашканада отуруп, тамак гана жеп жатты. Бербей коюшса, өзү көрүнбөй алып жеди.

Тамакка тоюп уктайт. Ойгонот да, кайрадан тамакка чуркайт.

Күндөр, жумалар өтүп жатты. Тима-мышыктын жумушу – тамак ичмей жана уктамай. Эч нерсени ойлогон жок, анын башындагы ою да уктап калгансыды.

– Бася, семирип кеттиң! Ойнобой да, чуркабай да калдың. Ооруйсуң го, жалкоо сугалак! – деп апасы тынчсызданып, мышык баласы экенин билбей айтып жатты .

– Апам мени айтып жатабы? – деп оозун ачып эстеп койду, – мен ушунчалык эле толукмунбу?

Өзүнүн жонун карап көргүсү келди, бирок башын бура албай койду. Бутун, ал тургай, куйругун дагы көтөрө алган жок.





Бир күнү Тима-мышык уктап жана тамак ичип жата берип аябай чарчады. Ал тамак иче берүүдөн кыйналып кетти.

– Ушундай жашоо сага жактыбы? Сен көмөч нандай тоголок  болуп калдың? Жок дегенде, чуркасаң боло. – Чуркай албайсың. Эх, сен! Мен болсом, бүгүн математикадан «5» алдым. Азыр досторум менен баскетбол ойнойм,– деди Бася-мышык аны аяп.



Тима-мышыктын көзүнөн жаш акты. Чын эле Бася ал үчүн мектепти бүтөбү? Анын ордуна программист болобу? Жашоосу ашканадан тамак сурап жеп өтөбү?

Тима чындап коркуп кетти. Мектепке баргысы келди. Кечинде болсо, достору менен футбол ойноону каалады. Бирок ушундай семиз болуп туруп, аянтта чуркай алабы?

Тима секирейин деп аракет жасады эле, жерге кулап түштү.

– «Тарс» эткен эмне? Сен дивандан кулап түштүңбү? – деп, бөлмөгө атасы кирип келди.


Тима жерде оонап, ооруган капталын ушалап жаткан.

– Мяу-мяу, – деди ал.

– Мунуңду эмне деп түшүнсө болот? – деп таң калды атасы.

– Ура! Мен мышык эмесмин! Жаман түш көрүптүрмүн! – деп Тима сүйүнүп кетти, – Ата, айтыңызчы, мен аябай семизминби?

– Эгер тамак эле жеп, уктап жата берсең, толуп кетесиң! Спортзалга барып машык.



– Сабак даярдап коюп, бассейнге барам. Мектепти өзүм аяктайм, өзүм программист болом!

Атасы жылмайып койду. Тима эмне үчүн минтип айтып жатканын түшүнгөн жок да.


– Апаң тамакка чакырып жатат. Тамактанып, идиш жууп, анан өзүңдүн иштериңди жасасаң болот – деди атасы.




– Дагы котлет жейсиңби? Жакшы көрчү элең го? – деди апасы.

– Рахмат, апа! Көп жеп алсам, уйкум келет. Бассейнге эмес, диванга жөнөөгө туура келет.

– А сен котлетаны жакшы көрөсүңбү? – деди Тима Басяны карап.





Бася тамагын жеп, кошумча тамактан баш тартты. Ал Тимага ыраазы боло карады да, сейилдөөгө кетти.

– Туура айтасың! – деди Тима. – Жалкоолук – зериктирет!

– Басядан менин Рина классташымдын түшүнө киришин сураныш керек экен. Антпесе, ал акыркы күндөрү аябай жалкоо болуп кетти...

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Алла Пятибратова
Сүрөтчү: Юлия Рыбалова
Которгон жана адаптациялаган: Сулайман Рысбаев

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

| | |
|---|---|
| 1-класс | 1.1 деңгээли |
| | 1.2 деңгээли |
| | 1.3 деңгээли |
| 2-класс | 2.1 деңгээли |
| | 2.2 деңгээли |
| 3-класс | 3.1 деңгээли |
| | 3.2 деңгээли |
| 4-класс | 4.1 деңгээли |
| | 4.2 деңгээли |